# 2018-2019-окуу жылында методикалык иштердин анализи

Билим берүү тармагында буга чейин окутуунун мазмунун аныктаганда билимге басым жасалса, азыр билимдин натыйжасына, окутуу процессиндеги алган билимди бала канчалык деңгээлде турмушта колдоно алуусуна т.а. окуучу мектепте алган билимин иш жүзүндө пайдалана билүүсүнө багытталат. Жаңы талаптарды ишке ашырууда билим берүү мекемелеринде методикалык иштер да жаңылануу шарт.  Азыркы учурда кесиптик деңгээли, новатордук иш-жөндөмдүүлүгү жогору, окуучу менен иштей алган, өз билимин жогорулатуунун үстүндө иштеген мугалимдер талап кылынууда.

**Мектептеги усулдук иштердин негизги максаты:**

- Мугалимдердин методикалык кометентүүлүгүн көтөрүү,
- Окуучулардын окуп, үйрөнгөндөрүн натыйжалуулугун арттыруу;
- Окутууда инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу;
- Окутуунун формасын, мазмунун, прициптерин аныктоо жана өнүктүрүү болуп саналат.

**2018-2019-окуу жылында методикалык иштин максаты болуп төмөнкүлөр эсептелди.**

- Педагогикалык коллективдин  кесиптик чеберчилигин ар тараптуу жогорулатуу;
- Жаңы стандартка ылайык окуучулардын билим алуусун көзөмөлдөп, анализ чыгаруу;
- Оптималдуу деңгээлде билим берүү жана тарбиялоо процессин жакшыртуу;
- Райондук жана шаардык деңгээлде өткөрүлгөн кароо-сынактарга окуучуларды жана мугалимдерди катыштыруу жана жыйынтык берүү.

2018-2019-окуу жылында педагогикалык коллектив  бирдиктүү “Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга диференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу” деген теманын үстүндү иш алып барууну улантууда. Азыркы учурда практикалык этабында тактап айтканда окутуунун активдүү формаларын колдонуу менен ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылууну мугалимдин иш тажрыйбасынан көрүү, мугалимдердин деңгээлдештирип иштөө боюнча тажрыйбаларын жайылтуунун  үстүндө иштешүүдө. Теманын негизинде ар бир мугалим тема тандап, ага карата план түзүп, бир жыл бою иш алып барып келишти.

Сканировано с CamScanner

## Методикалык иштин түзүлүшү

- Квалификацияны жогорулатуу
- методика-программалык иштер
- Тажрыйбалык-экспериментaлдык иштер
- Контролдук-диагностикалык иштер

## 2018-2019-окуу жылындагы негизги методикалык иштин калыптанышынын багыты жана мазмуну

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- Нормативдик укуктук документтер, билим берүүнүн максаты жана милдеттери, методикалык иштин системасы;
- Мектепти өнүктүрүү программасы;
- Мамлекеттик стандарттар, окуу планы жана программасы;
- Жаңы педагогикалык изилдөөлөр, инновациялык жаралуулар;
- Методикалык иш тажрыйбаларды маалымат булактарына жайылтуу.

## 2018-2019-окуу жылындагы методикалык иштин негизги формасы

- Пед кызматкерлердин сандык-сапаттык курамы
- Жаш мугалимдер мектеби
- Өз билимин өркүндөтүү
- Мектептин педагогикалык чеберчилиги
- Методикалык кеңешме
- Көргөзмөлөр;
- Тегерек столдор;
- Ачык сабактар;
- Илимий-практикалык конференциялар;

## Жаш мугалимдер мектеби

Мектепте педагогикалык коллектив жылда жаңы мугалимдер менен толуктaлып турат. Анын ичинен көпчүлүгү жаш мугалимдер. Быйылкы окуу жылында 10 мугалим окуу жайды бүтүп келип, эмгек жолун ушул мектептен башташты. Мектепте жалпы 15 жаш мугалим эмгектенди.

Сканировано с CamScanner

| Биринчи жыл иштегендер | Экинчи жыл иштегендер | Үчүнчү жыл иштегендер |
|---|---|---|
| 11 | 2 | 2 |

Окуу жылынын башында жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилген. Алар жаш мугалимдер менен иштөөнүн жылдык планын түзүшүп, түзүлгөн пландын негизинде бир жыл бою иш алып барышты. Жаш мугалимдердин жазган план конспектилери текшерилип, методист тарабынан бир ай бою (сентябрь айында) жардам берилип турду. Биринчи жарым жылдыкта жаш мугалимдер менен сабактын тиби, формасы, үй тапшырманын көлөмү, сабактын структурасы, окутуунун технологиялары, сабактын анализи, өзүнө-өзү анализ берүү, нормативдик-укуктук документтер менен иш алып баруу боюнча семинарлар өтүлүп турду. Насаатчы мугалимдер канчалык жардам берип, иш алып барып жатышса да, биринчи жарым жылдыкта айрым жаш мугалимдер окуучунун билими объективдүү баалабай, чейректик бааларады туура эмес чыгарышкан. Нормативдик-укуктук документтин бири болгон журнал менен иштөөдө одоно каталарды кетиришкен. Ошондой эле насаатчы мугалимдер жыл аягында түзүлгөн пландын негизинде отчёт жазышып, жыйынтык чыгарышты. Эмгек стажы 3 жыл толуп, 4 жылга кеткендиктен жаш мугалдимдер Анарбек кызы Самара, Жеңишбек кызы Сабира бир топ тажрыйба топтошуп, насаатчы мугалимдин жардамына муктаж болбой, өз иштерин мыкты алып кетип, жаш мугалимдин катарынан чыгарылды. Калган 13 мугалим насаатчы мугалимдер менен иш алып барууну улантышууда.

**Өз билимин өркүндөтүү**

Методикалык иштин бирден-бир багыты болуп мугалимдердин квалификациясын эффективдүү жогорулатуу болуп саналат. 2018-2019-окуу жылында мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министирлигинин алдынагы педагогикалык кызматкерлерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 11 мугалим (Кабылова Д.Т. Замирбек кызы Лира Исаева А. Баштыкбаев Б. Урматова А. Д. Үсөнбай кызы Ж. Абдрахманова А. К. Казакова Н. О. Кыдырова Б. А. Самсалиева А. Шайдуллаева Г.Ө.) , “Креатив –Таалим” билим берүү комплексинен кыска мөөнөттүү курстан 2 мугалим ( Сүйналиева М. М. Чечеева М.З.), АӨБ тарабынан каржыланган “Билим берүүнү өнүктүрүүнүн сектору” деген темада жаңы стандарт боюнча 5 мугалим, башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жөндөмдүүлүгүн жана сөз байлыгын өстүрүү боюнча ЮСАИД тарабынан уюштурулган “Келгиле, окуйбуз!” долбоорунан 17 мугалим, БАУдан 7 мугалим, 5-6-класстарында чыккан жаңы англис тили окуу китептери менен таанышуу жана мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу иретинде “Лингва” окуу

Сканировано с CamScanner

борборунан 2 мугалим, жалпы 44 мугалим өз билимин өркүндөтүп, курстан өтүп келишти. Бул мугалимдер окуп келгендерин башка мугалимдерге жайылтуу максатында бирдиктүү метод күндөрдө ачык сабактарды өтүштү.

**Мектептин педагогикалык чеберчилиги**

Райондук жана шаардык деңгээлде жыл сайын мугалимдер арасында кароо-сынактар өткөрүлүп турат. Ошондой кароо-сынактын бири "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын". Эң алгач мектеп ичинде өткөрүп, ага ар бир усулдук бирикмеден бирден мугалим катышып, өзүнүн чыгармачылык деңгээлин көрсөтү алышты. 7 мугалимдин ичинен табигый усулдук бирикмесинен чыккан тарых мугалими Казакова Н.О. өзүнүн ишинин мыкты билгендиги, изденүүсү менен башкалардан айрымаланып, эң жогорку балл топтоо менен алдыга озуп чыгып, райондук деңгээлде өткөрүлгөн сынакка жолдомо алды. Апрель айында өткөрүлгөн райондук "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын" кароо сынагында "Мыкты мугалим" номинациясы боюнча ат салышып, 2 орунду алып, шаардык деңгээлде өтө турган кароо-сынакка жолдомо алды. Шаардык сынактан 9 мугалимдин ичинен 3-орунга ээ болду. Казакова Нургулдун байгелүү орунга ээ болушу жалгыз гана биздин мектеп эмес, райондун сыймыгы болуп, жаш мугалимдерге үлгү боло алды. Нургул өзү жаш болсо да, өз предметин мыкты билген, өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылган, дайыма изденүүнүн үстүндө жүрүп, ар бир сабагын кызыгуу менен өткөн мугалим десем жаңылышпайм.Бул сынакка көп жылдан бери катышып, байгелүү орундарга ээ болуп келебиз. КМШ өкөлүрүнүн билим берүү тармагында иштегендердин V Съездинде орус тили жана адабияты мугалими Топчубек кызы Нургул "Орус тили жана адабиятын окутуудагы ыкмалар" деген темада доклад окуп, диплом менен сыйланган.

**Методикалык кеңешме**

2018-2019-окуу жылында мектепте курамы 14 адамдан турган усулдук кеңеш иштеди. Усулдук кеңеште жалпы 5 кеңешме өткөрүлгөн, анда окутуп-тарбиялоодо жараланган көйгөйлөр аныкталып, кеңешмеде каралган. Тактап айтканда төмөнкүдөй темалар талкууланган:

**№1 кеңешмеде**

Усулдук кеңештин курамын толуктоо жана жаңы окуу жылына карата усулдук кеңештин иш планын талкуулап бекитүү.

**№2 кеңешмеде**

Сабак өтүүдө кыйналган мугалимдердин муктаждыгын аныктоо

**№3 кеңешмеде**

Окуучулардын компитентүүлүгүн интерактивдүү окутуу аркылуу баалоо

**№4 кеңешмеде**

Билим сапаты кескин түшүп кеткен предметтердин предметтик мугалимдердинин иштерине талдоо жүргүзүү

Сканировано с CamScanner

**№5 кеңешмеде**
Усулдук бирикмелеринин бир жылдык иштеген иштерине талдоо жүргүзүү.
Жаңы окуу жылына карата иш план түзүү.

Мындан тышкары 2-11-класстар боюнча чейрек сайын билим сапатынын мониторинги чыгарылып, билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн класстар боюнча билим сапаты ички көзөмөлгө коюлуп, жыйынтык чыгарылып турду. Предметтердеги жазуу иштеринин норматив боюнча алынышы боюнча текшерүү жүрүп, маалымдама жазылып турду. Андан тышкаркы жазуу дептеринин уюштурулушу, мугалим тарабынан талапка ылайык текшерилиши көзөмөлдөнүп турду.

**Көргөзмөлөр**

Окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу иретинде даталуу күндөрү көргөзмөлөр уюштурулуп турду.

Сентябрь айында башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежеси боюнча бир айлык жарыяланган. Анда "Сенин сактыгың, менин коопсуздугум" деген темада сүрөт көргөзмөсү болду. Мында 1-4-класстын окуучулары жолдо жүрүү эрежелери, боюнча сүрөт тартышкан.

Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата "Эне тил жана Айтматов" деген аталыштагы жарыяланган 3 айлыктын негизинде 1-11-класстын окуучулар арасында "Айтматов жана кино" деген аталышта көргөзмө болуп өттү. Мында анын чыгармалары жана каармандары боюнча окуучулар сүрөт тартышты, макет жана скульптураларды жазашкан.

Илим жана техника жумалыгына карата физика мугалими Ишенова С.Ы. колдонуудан чыгып калган нерселерге экинчи жашоо берип, (Мисалы, желим бөтөлкөдөн отургуч, электр тогу жок жол чырактарды ж.б.) көргөзмө уюштурган.

**Тегерек столдор**

Окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында тегерек столдор да уюштурулуп турат.

Декабрь айында улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата "Айтматов жана аалам" деген аталышта 11-класстар менен тегерек стол өткөрүлдү. Мында улуу жазуучунун чыгармаларынын орду андагы көтөрүлгөн көйгөйлөр, жана башка элдердин окумуштууларынын Айтматовдун чыгармалары боюнча айтылган сындарынын оң жана терс жактары каралды.

"Илим жана техника" жумалыгына карата 9-класстар менен "Нанотехнологиялардын адам жашоосуна тийгизген пайдасы" деген аталышта тегерек стол өткөрүлдү. Мында окуучулар жаңы технологиялардын бүгүнкү күндөгү орду адамдын жашоосуна алып келген

Сканировано с CamScanner

пайдасы, ошондой эле терс жактары боюнча ойлорун ортого салышып, талкуулашты.

**Ачык сабактар**

2018-2019-окуу жылында мектепте8 усулдук бирикме иштеди. Бирикме жетекчилери окуу жылынын башында план түзүшүп, бир жыл бою түзүлгөн пландын үстүндө иш алып барышты. Ошондой эле ай сайын усулдук бирикмелердин декадалары өткөрүлөп турду. Декада өткөрүүнүн негизги максаты предметтик мугалимдердин иш билгилерин, окуучу канчалык деңгээлде предметке кызыгарын аныктоо.

| № | УБнын аталышы | Жетекчиси | Муг. саны | Декаданын өт. мөөнөтү | Өт. сабакт. саны | Декаданын жабылышы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чет тил УБ | Чундукова З.М | 10 | 15-24.10.18 | 10 | "Англис тили ааламга жол ачат" |
| 2 | Так илимдер УБ | Апсалиева Б.Т | 10 | 19-28.11.18 | 8 | "МИФ-биздин жашообузда" |
| 3 | Орус тил, адаб УБ | Топчубек к. Н | 12 | 10-19.12.18 | 11 | "Ч. Айтматов и Русский язык" |
| 4 | Кыргыз тил, адаб УБ | Жумалиева А. | 9 | 21-31.01.19 | 8 | "Адамдын көркү – тил" |
| 5 | Башт. кл. "Балалык" УБ | Сариева Ж.Т. | 20 | 11-27.02.19 | 18 | "Окусаң тынымсыз оку, өчпөсүн билимдин оту" |
| 6 | Табигый илимдер УБ | Наркозиева А.Т. | 9 | 04-13.03.19 | 9 | "Биз ар кандайбыз, бирок биргебиз" |
| 7 | "Маданият" УБ | Сагынбаева А.Ж. | 12 | 22-30.04.19 | 8 | "Сүйүктүү борборум-Бишкегим. |

Жогорудагы декадалардын жүрүшүндө мугалимдердин чыгармачылыгын, жекече изденүүлөрүн көрө алдык жана сабак өтүүдө кыйналган мугалимдердин (Аралбек к. А. Жакыпбаева М. Батыркулова Ы. Жунусбек к А. Тынымсейит к. Э. Түгөлбай кызы Б. Жумаедин кызы А.) муктаждыктары аныкталып, аларга тиешелүү методикалык жардамдар да көрсөтүлдү. Декаданын жабылышы окуучулар тарабынан даярдалып, окуучулар дагы жоопкерчилик менен мамиле кылып, декаданын жүрүшүндө жарыяланган конкурстарга активдүү катышышты. Бардык декаданын жүрүшү "канааттандыраарлык" деп табылды.

**Илимий-практикалык конференциялар**

Жаңы түптөлүп келе жаткан билим берүү мекемеси болгондуктан шаардык илимий –практикалык конференцияларга катышуу оорчулукту жаратып

Сканировано с CamScanner

келген. Айрым окуучулар өз алдынча предметтик мугалимдердин жетекчилиги менен эл аралык конференцияларга катышып келишкен. Быйылкы жылы окуучулардын проект боюнча иштөөлөрү колго алынып, Кыргыз Билим берүү академиясынын окутуучусу Элебесова А. проект боюнча иштөөгө кызыгуусу бар окуучуларга жана предметтик мугалимдерге семинар өткөрүп келди. Быйылкы окуу жылында Бишкек шаарынын алдындагы билим берүү башкармалыгы жана Республикалык жаш инженердик-техникалык "Алтын түйүн" академиясы менен биргеликте уюштурулган шаардык изилдөө долбооруна 3 окуучу катышты. Бул долбоордун негизги максаты билим сапатын көтөрүү жана окуучулардын долбоордук, изилдөөчүлүк, илимий-техникалык ойлоп табуучулук жөндөмүн өнүктүрүү, андан тышкары өлкөдөгү социалдык, экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багыт берүү.

1. 9-а классынын окуучусу Мадирайимова А. "Кыргыз жылкысы өткөн заманда жана бүгүнкү күндө" жетектеген мугалими Казакова Н.О.
2. 11-б классынын окуучусу Садирова Н. "Тил манипуляциясынын үстөмдүгү" жетектеген кыргыз тили жана адабияты мугалими Замирбек к. Л.
3. 11-б классынын окуучусу Мырзагулов Б. "Радиациянын пайдасы жана зыяны" жетектеген биология мугалими Сыдыкова Ж.З.
4. Жыйынтыгында 11-б классынын окуучусу Садирова Нуризанын гуманитардык багытта жазган изилдөө иши 3-орунга ээ болду.

Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңишинин 74 жылдыгына арналган "Эрдиктердин изи менен" Республикалык сырттан өтүүчү изилдөө иштеринен да катышып, байгелүү орундарга ээ болдук.

Долбоордун максаты окуучулардын элдин баатырдык тарыхын, Улуу Ата Мекендик тарыхый окуялары тууралуу билимдерин кеңейтүү, өз айлынан чыккан баатырларды эскерүү жана балдар менен жаштарды чыгармачылык менен, изилдөө иштерине тартуу болуп саналат.

1. 8-б классынын окуучусу Омурбекова С. "Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги менин жакындарым" жетектеген орус тили мугалими Алидинова Ж.Ч.
2. 8-д классынын окуучусу Талантбек к. Э. "Согуш учурундагы балдардын жашоо-турмушу" жетектеген орус тили мугалими Топчубек к.Н.
3. 10-б классынын окуучусу Канатбек к. А. "Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги менин жакындарым" жетектеген кыргыз тили жана адабияты мугалими Турунтаева К.А.
4. 10-а классыны окуучусу Маматов Бактыбек "Элесиң кетпейт эсимден" жетектеген адам жана коом мугалими Маманазарова С.

Сканировано с CamScanner

Булардын ичинен Омурбекова С. Канатбек к. А. 2-орунду, Талантбек к. Э. 3-орунду ээ болсо, Маматов Бактыбек кызыктыруучу сыйлыкка ээ болду.

Педагогикалык тажрыйбаны өнүктүрүү жана жайылтуунун эффективдүү формасы болуп, мугалимдер арасында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциялар, көргөзмөлөр, тегерек столдор, масстер-класстар жана ошондой эле семинарлар эсептелинет. 2018-2019-окуу жылынын 5-ноябрында физика, информатика предметтеринин шаардык семинары болуп өттү. Семинардын темасы "предметтик компетенцияны сабакта жана класстан тышкаркы иштер аркылуу өнүктүрүү". Семинарга шаардын мектептеринен жалпы 48 мугалим катышты.

Ушул эле айда "Билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштуруудагы заманбап педагогикалык технологиялар" деген аталыштагы семинарга Ленин жана Свердлов районундагы мектептердин методикалык иштер боюнча директордун орун басарлары жана мугалимдер катышып, заманбап технологияларды сабактарда колдонулушун практика жүзүндө көрө алышты. Сабактын натыйжалуулугун арттыруучу окутуучу-техникалык жабдыктар ар бир өтүлгөн ачык сабакта пайдаланылып, семинардын катышуучуларына кызыгууну жаратты. Семинардын жүрүшүндө жалпы 7 сабак өтүлүп, 53 мугалим катышкан. Мектеп "Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу" деген темада иш алып барып жаткандыгына байланыштуу бардык сабактарда деңгээл менен иштөө байкалып турду. Сабак өтүлгөн бардык окуу кабинеттер интерактивдүү доска жана система менен жабдылган. Ар бир мугалим өзүнүн сабагында колдонушту. Өтүлгөн бардык сабактар өз максатына жетти. Андан кийин №4 кабинетте Саданалиева Махабат Сатыбалдиевна "Автоматтык каттоо жана катышуунун анализин чыгаруучу жабдыктар" туурасында да маалымат берди. Анда автоматтык каттоонун оң жан терс жактарын жана билим сапатынын өсүшүнө тийгизген таасири боюнча кененирээк айтып өттү. Семинардын аягында №68 Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-гимназиясынын методикалык иштер боюнча директордун орун басары – Эсентур кызы Мээрим жыйынтыктоочу сөз сүйлөдү. Анда бүгүнкү семинардын жүрүшү жана ачык сабактардын берилиши эң жакшы өткөнүн баса белгиледи.

**Былтыркы окуу жылына караганда быйылкы окуу жылында методикалык иштерде бир топ алгылыктуу иштер жүрдү**

- Тарых мугалими Казакова Н. "жүрөгүмдү балдарга арнаймын -2019 кароо-сынагына катышып, райондо да, шаарда да байгелүү орунга ээ болушу;
- Быйылкы жылы окуучулардын бир нече илимий-изилдөө долбоорлоруна катышып, байгелүү жана кызыктыруучу орундарга ээ болуусу;

Сканировано с CamScanner

- БАУ менен "Билим берүүнү үнүктүрүү" деген аталыштагы программа менен иш алып баруубуз. Кышында 7 мугалим окутуп-тарбиялоодогу келип чыккан көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору боюнча окуп келишип пед коллективге жайылтып, ачык сабактарды өтүштү.

**Аткарылган иштерди талдоонун негизинде 2019-2020-окуу жылына карата төмндөгүдөй милдеттер кабыл алынды:**

- Мектептин тандап алган окуу-тарбиялык темасынын практикалык жактан ачылышынын жыйынтыгын көрүү максатында билим сапатынынын мониторингин чыгаруу;
- Жаш мугалимдердин өздөрүнүн иштерине жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу, насаатчы мугалимдер менен бирдикте иш алып баруусун күчөтүү;
- Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу максатында мугалимдер арасында өтүлүүчү ар кандай кароо-сынактарга катышуу;
- Ай сайын өтүлүүчү предметтик декадаларга мугалимдердин жоопкерчилик менен мамиле кылуусу
- Билим сапатын жогорулатууда предметтик мугалимдердин жоопкерчилигин күчөтүү;
- Сабактан тышкаркы убакта предметтик мугалимдер окуучулар менен бирдикте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, райондук, шаардык деңгээлдеги изилдөө долбоорлоруна катышуу, жыйынтыгын көрүү
- Райондук жана шаардык семинарларга катышып, мектеп ичинде үйрөнгөндөрүн жайылтуу;
- Билим берүүдө инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу менен окуп, үйрөнгөндөрүнүн натыйжалуулугун арттыруу;
- Мугалимдер арасында өз ара окутуунун ишке ашыруу, методикалык иштер аркылуу тажрыйбаалмашуу;

**Усулдук иштер боюнча директордун орун басары:** **Сүйналиева М.М**

Сканировано с CamScanner